**УДК:371.3:821.512.156.**

**КУДАЙБЕРГЕНОВА З. С.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ, Бишкек
**KUDAIBERGENOVA Z. S.**
J. Balasagyna KNU, Bishkek

# Р.КЫДЫРБАЕВАНЫН “МАНАС” ЭПОСУНУН ГЕНЕЗИСИНЕ АРНАЛГАН ЭМГЕКТЕРИНИН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Особенности трудов Р.Кыдырбаевой посвященных генезису эпоса “Манас”

Features of R. Kydyrbaevas works on the genesis of the epos “Manas”

Макалада Р.Кыдырбаеванын “Манас” эпосунун жыйналышына, манастаануу илимине кошкон салымы, изилдөөлөрүнүн өзгөчөлүгү тууралуу маселелери анализденди. Манастаануучулардан айырмаланып фольклорчу чыгарманын жаралуу дооруна, поэтикалык түзүлүшүнө, эпостун генезисине изилдөөлөрдү жүргүзүп, анын бирдиктүүлүк түрк тилдүү элдеринин байыркы тарыхы тыгыз байланышта болгон учурда жаралгандыгын, якут, алтай эпосторундагы каармандарга толук үндөшөөрүн далилдегендиги жыйынтыкталды.

**Урунттуу сөздөр**: “Манас” эпосу, түрк, генезис, фольклор, этнография, лингвистика, жомок, поэтик, сюжет, стиль.

В научной статье проанализирован вклад Р.Кыдырбаевой в “Манасоведение” и особенности ее исследования. В отличие от других фольклороведов она исследовала время возрождения, генезис эпоса. Исследовав генезис эпоса, пришла к выводу, что он изображает героев тюркоязычных народов.

**Ключевые слова**: эпос “Манас”, тюрк, генезис, фольклор, этнография, лингвистика, сказка, поэтика, сюжет.

The scientific article analyzes the contribution of R. Kydyrbaeva to the science “Manasovedenie” and

features of its study. There were conclusions that, differing from other folklore scholars, she explored the time of the objection, the genesis of the epos, I came to the conclusion that he portrays the heroes of the Turkic – speaking peoples.

**Keywords**: epic “Manas”, Turk, genesis, etnography, linguistics, fairy – tale, poetics, plot, style.

Р.Кыдырбаева кенже эпостор менен бирге “Манас” эпосунун тарыхый жактан изилденишине, образдар системасына, идеялык –тематикалык өзгөчөлүктөрүнө бараандуу эмгегин арнады. Айрыкча эпостун келип чыгышы, жаралышы тууралуу изилдөө жүргүзүп, ал боюнча “Генезис эпоса “Манас” аттуу докторлук ишин ийгиликтүү жактады. Генезис манастаануу илиминде олуттуу маселе катары азыркыга чейин талкууланып келе жатат. Фольклорчунун эмгегинин башка изилдөөчүлөрдөн айырмалоо, өзгөчөлүктөрүн аныктоо үчүн “генезис” маселесин тактап алуу зарыл. Генезис тарыхый булактын пайда

болушун, жаралышын, түпкү тегин жана өнүгүү мезгилин изилдейт. “Манас” эпосунун генезиси азыркыга чейин талаш-тартышты жаратып келе жаткандыгы барыбызга белгилүү.

Эң алгач “Манас” эпосунун генезисине көңүл бурган окумуштуу-Ч.Валиханов. Ал эпос жөн гана кыргыздын катардагы эле көрүнүшүн баяндабастан, улуттун тарыхын, маданиятын, каада-салттарын билүүдө мааниси зор экендигин байкап, айтуучулардын оозунан ырларды жыйнап, өзүнүн этнографиялык, ингвистикалык жана тарыхый материалын даярдаган. Белгилүү казак окумуштуусу Ч.Ч.Валиханов биринчи болуп эпостун бир үзүндүсүн - «Көкөтөй хандын өлүшү жана анын ашын» кагаз бетине түшүрөт. Учу-кыйрына көз жеткис казак талааларынын уулу, патриархалдык феодализмдин адаттарынын шартында туулуп, тарбияланган Ч. Валиханов казак элинин гана эмес, XIX кылымдын экинчи жарымындагы прогрессивдүү орус коомчулугунун алдыңкы адамы жана белгилүү окумуштуусуна чейин өсүп жеткен. Анын өмүр жолу бай жана татаал, ошондой эле илимий изилдөөлөрү да ар кыл. Этнограф жана историк, топограф жана геолог, фольклорист — ал Орто Азия элдеринин турмуш, үрп-адаттарын мыкты билген. Ч. Валиханов илимге жан-дили менен кызмат эткен, анын жогорку гумандуу идеялары үчүн бардык рухий күчүн жумшаган адам болгон. Кыргыз фольклористика илиминин калыптанып өнүгүшүндө Ч. Валихановдун эмгеги бөтөнчө баалуу жана зор. «Манас» эпосу кыргыз элинин турмушунда жөнөкөй гана көрүнүш эместигин ал биринчи болуп сезген, өзгөчөлүгүн биринчи баамдаган. Ошондой эле Ч.Валиханов кыргыз эпосун биринчи болуп жомокчунун оозунан жазып, орус тилине которгон. Ч. Валиханов жазып алган эпизод — «Көкөтөй хандын өлүшү жана анын ашы» - эпосту кеңири салыштырып изилдөөдө, ошондой эле эң алгачкы кагаз бетине түшкөн вариант катарында айрыкча маанилүү жана баалуу. Ал «Манас» эпосун бөтөнчө жогору баалап: «Манас» - бул бардык жомоктордун, повесттердин, уламыштардын, ошондой эле элдин географиялык, диний түшүнүктөрүнүн энциклопедиялык жыйнагы. Ал бир мезгилге, бир кишинин, Манас баатырдын тегерегинде топтолгон. «Манас» - бүтүн бир элдин талаа «Илиадасына» окшогон көркөм чыгарма»-деп жазат [27.67].

Бекеринен Ч.Валиханов «Манас» эпосунун толгон эпизоддорунан «Көкөтөй хандын өлүшү жана анын ашын» жазып албаган чыгар. Изилдөөчү бул эпизоддон, баалуу этнографиялык, лингвистикалык жана тарыхый мүнөздөгү материалдар кеңири чагылгандыгын кылдат байкаган. Жалпыга белгилүү бул эпизод, эпостун башка бөлүктөрүнө салыштырганда, кыргыз элинин турмушун, үрп-адатын кеңири монументалдуу эпикалык формада сүрөттөгөндүгү менен айырмаланат. Эпизоддо ат чабыш, эр сайыш, жамбы атыш, ошондой эле тамак-аш берүүнүн шаан-шөкөттөрү, толгон уруулардын аттары айтылып, кеңири сүрөттөлөт. Ч. Валиханов кыргыз тилин жакшы билгендиктен, эпостун спецификалык өзгөчөлүгүн, анын көркөм дүйнөсүнүн байлыгын таасын көрүп, терең сезген. Аны эпостун поэтикасы бөтөнчө — кызыктырат, ал эпостун «амалдуу ыр түзүлүш», «уккулуктуу салыштыруу», «кош рифмасы» жөнүндө жазат 1862-жылдары эпостун генезис маселесине орус окумуштуусу, академик В.В.Радлов кайрылат.Ал белгисиз бир адамдан үзүндүлөрдү жазып, анын жан дүйнөгө жакын, эстетикалык касиетин дароо байкаган. Ал: “Киргиз ценит в своих песнях не какой-то чудесный и страшный, сказочный мир, напротив того, он воспевает в них свои собственные чувства и стремления, те идеалы, которые живут в каждом отдельном члене

общества”- деп кыргыздардын ар бир кыймылы ыр менен коштолоорун баса белгилеген [51].

1930-жылдары М. О. Ауэзов [7.16,17] «Манас» эпосу боюнча жазган эмгегинде, эпостун сюжети, стили, ошондой эле манасчылардын айтуу чеберчилигине байланыштуу проблемаларга токтойт. Окумуштуунун жомокчулардын аткаруу чеберчилигине, алардын индивидуалдуу бөтөнчөлүктөрүнө жана угуучу чөйрөнүн таасири өңдүү маселелер боюнча жүргүзгөн байкоолору бөтөнчө баалуу.

М. О. Ауэзов «Манас» эпосуна илимий байкоо жүргүзгөндө аны элдин тарыхын турмушу менен тыгыз байланышта карайт [7] .Манас баатырдын образында бир катар жомоктук-мифологиялык мүнөздөр (мотивдер) кезигет. Ал кереметтүү белгилер менен төрөлөт, анын кийген Ак олпогуна ок өтпөйт. «Манас» эпосунун сюжетинде тарыхый жана социалдык категория катары элдин турмушка болгон мамилеси, түшүнүктөрү, ойлору белгилүү бир конкреттүү тарыхый мезгил менен байланышкан.

Р.Кыдырбаева кыргыз манастаануучуларынан өзгөчөлөнүп, “Манас” эпосунун генезисинин изилденишине зор салымын кошкон. Алгачкылардан болуп эпостун поэтикалык түзүлүшүн, жаралуу доорун изилдейт. Ал докторлук ишинин кириш бөлүмүн мындайча жыйынтыктайт: “В предлагаемой работе наряду с конкретным анализом текста эпоса “Манас” значительное место отводиться историко-типологическому сравнению. Многие однотипные, архаические мотивы и сюжеты, нередко встречающиеся в тюрко-монгольском эпосе, мы связываем с определенным генетическим родством племен, родов, которые на отдельных этапах исторического развития то тесно соприкасались, то, наоборот, разьединялись, расходились и территориально.

Докторлук ишинин “Связь древних пластов киргизского и якутского эпосов” аттуу параграфында андагы окуялардын түпкү тегин Сибирдеги якут элдеринин байыркы эпикалык сюжеттерине салыштырат жана окшоштуктардын арбын экендигин чыгармалардын негизинде далилдейт. Сөзүнүн аягында төмөнкүдөй жыйынтыкка келет: “Устойчивая стилистическая формула сохранившаяся в монгольском, якутском, киргизском эпосе говорит о существовании единых протоэпических поэтических форм архаического порядка, о том, что они сформировались и стабилизировались, по-видимому, еще во времена, когда предки якутов-куруканы населяли южные границы Сибири, когда устно-поэтическая культура их была если единой, то очень близкой по форме тюрко-монгольскому эпосу” [27.90].

Р.Кыдырбаева “Барс-бег и Манас” аттуу интервьюсунда “Манас” эпосунун поэтиксын байыркы рун жазмаларындагы Барс-Бектин эстелигиндеги жазууга салыштырып, окшоштуктарын тексттик талдоо аркылуу далилдеп берген. Ал бүткүл Борбордук жана Орто Азияны, Тибетти, Кытайды, Түштүк Сибирди багындырган Барс-Бек Манастын прототиби болуп жүрбөсүн? –деген суроону кабыргасынан коет.

Изилдөөчү андан да мурагы тарыхый булактарга жазылган А.Бернштамдын: “Установить, что в эпическом творчестве енисейских кыргызов, соотечественников Барс- бега, формировался столь сложный образ эпического героя, как Манас. Опровергнуть устоявшееся в кыргызской историографии равенство Яглакархан Манас, высказанное еще

незабвенным. Найти общее в деятельности, жизни, судьбе Барс-бега и Манаса, что дало бы основание для их идентификации» –деген пикирине таянат [12.256].

Ошондой эле Р.Кыдырбаева Н.Бичуриндин бул маалымааты тастыктаган пикирин дагы эске алат: “В настоящее время совершенно очевидно, что Яглакархан никак не мог быть прототипом кыргызского героя уже потому, что Яглакар - это династический род древних уйгуров. Все уйгурские каганы, враждовавшие с кыргызами, были из рода Яглакар В надписи речь идет о сыне кыргыза, который пришел на землю Яглакархана, т.е. на родовые земли уйгурского династического рода. Все эти факты делают невозможным тождество Яглакархан - Манас. На наш взгляд, прототипом эпического Манаса мог быть кыргызский каган Барс-бег: как Манас, он был правителем всех кыргызов; как Манас, он начал борьбу с врагами, которые были многочисленнее и сильнее кыргызов; как Манас, Барс-бег совершил поход в Туву, где остановил войска тюрок, был признан ими как каган и взял в жены тюркскую принцессу. В сознании кыргызов того времени это деяние было достойно эпического «Великого похода». Как Манас, Барс-бег гибнет в бою с врагами [14. 308].

“Манас” эпосунун генезисин алгач изилдеген улуу окумуштуулардын пикирлерине таянып, автор төмөнкүдөй жыйынтыгын чыгарат: “Вышеприведенные параллели между кыргызским руническим текстом с Енисея и эпосом «Манас» позволяют предполагать, что современники Барс-бега, вполне осознавая значимость его деяний для исторических судеб народа и разделяя его несбывшиеся стремления, решили обессмертить его имя,чтобы государственные замыслы Барс-бега не умерли вместе с ним, а работали на общекыргызскую идею и остались жить в душе каждого кыргыза. А для достижения этой цели в то время был только один способ - облачение его дел и его личности в эпическую форму, что заметно уже в эпитафии в честь Барс-бега. [29.56].

Ал эми фольклор таануучунун «Манас» эпосунда баатырды көркөм мүнөздөө” аттуу эмгеги эпостун келип чыгуу тарыхына арналган. “Манас” эпосу баатырдык түрүнө жатаары белгилүү. Ошондой болсо да бул эпосто катмардагы архаикалык (байыркы) поэтикада бир топ орун алган. Бул катмарлар түрк жана моңгол элдеринин эпосунун башатын түзгөн түштүк Сибирде, Алтайда, түндүк Моңголияда жашаган түрк элдеринин санж ыраларында, үрп-адаттарында, уламыш-легендаларында сакталып келген. “Манас” эпосунун байыркы мазмундук тутуму жөнүндө сөз кылсак, биз эң биринчи образдардын портреттик сыпаттамаларын,ыкмаларын анализдеп чыгышыбыз керек. Бул жагдайда кыргыз эпосундагы белгилүү жана майда көркөм деталдарды, каражаттарды изилдеп, аларды түрк элдеринин эпостору менен салыштырып чыгуу өзүнчө кызыгууну туудурмакчы. Мындай изилдөө эпостордун жаралуусу, бири-бири менен байланышы, поэтикалык ыкмалар кайсы доорго туура келээрин жана эпостордун өзүнчөлүгүн аныктоого жардамдашат.

Түрк элдеринде илгерижаратылышка, тегерегиндеги жан-жаныбарга адамдын каситеттерин ыйгаруу, аларды жандандыруу түшүнүктөрү кеңири тараганы белгилүү, алар элдердин мифтик көз-карашын чагылдырганын белгилеп турат. Ошондой мифтик көз-карашка ылайык бөрү тууралуу уламыш түрк элдеринде кенери тараган. Түрк эли бөрүдөн тараган деген улама ар түрдүү окуяларга байланыштуу бир канча түрк элдеринин уламыштарында сакталганы белгилүү.”Илгери түрктөр хунндардын

бир уругун түзүп турган учурунда аларга чоң чабуул болуп,кыйраган учурунда аларды бөрү сактап калган, ошондуктан ал алардын тегин түзүүчү болуп эсептелген”деп туванын тарыхында эстертилет. Мезгилдин тынымсыз агымында улам жаңыланып, алмашып турган учурда бул көз-караш тотемге айланып, бир топ түрк элдеринде өзүнчө ыйык тутумга айланган, мисалы, гагаустарды алсак, алар алыскы Молдавиянын Бузжак өзөнүндө жашап,бөрү жөнүндөгү ушул тотемди азыркы күнгө чейин сактап келишкен, алардын айылдарында азыркыга чейин “жаныбар урсун” деген ант сакталып, Карышкыр-бөрү жөнүндө сөз болгондо аялдар үнүн акырын чыгарып,шыбырап сүйлөшкөндөрү белгилүү [11].

Орхон-Енисей рунна эстеликтеринде бекеринен табгачтардын каганы Тонукөк деп

аталган эместир. Ошондой эле, “Манас” эпосундагы Алмамбеттин кийгени “Көк ырапис тон” деп айтылат да, бул аныктама туруктуу эпитетке өтүп кеткен. Көктүн мына ушундай кереметтүүлүгүн этнонимдердин аталыштарынан да кезиктирүүгө болот: “көк түрк”,”көк чүлүт”,”көк моңгол” жана адамдардын аттарынан да, мисалы, Огузкандын уулу Көккан деп аталганы уламыштарда кезигет. Ошондой эле, түрк элдеринде адамдын аттарында Көк бөрү, Көкташ деген ысымдар аз эмес.

Көрүнүп тургандай, Манас баатырдын архаикалык эпоско мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, кебете-кешпири сакталган. Ал каарданганда якут баатыры сыяктанып, сурданып, көздөрүнөн от чачыратат, тиштери кычырап, сакал-муруту түктөйүп, жүзүнөн түгү көрүнөт. Мында баатырдын тышкы кебете-кешпирин сүрөттөөдө айрым эпитеттер, стилдик түрмөктөр баарынан көп салтка айланган туруктуу айкалыштарда байкалат, бул болсо байыркы түрк эпосунун эзелки бирдиктүү поэтикалык ыкмаларынын булагы болушу мүмкүн деген божомолду жаратат. Бул бирдиктүүлүк түрк тилдүү элдеринин байыркы тарыхы тыгыз байланышта болгон учурда жаралгандыгын далилдеп турат. Якут,алтай эпосторундагы бири-бири менен болгон катнашы, окшоштугу жана ошол элдерге орток болгон руна жазмаларда сакталган окуялар, көркөм каражаттар канчалык деңгээлде алардын эпосу менен байланышта болгону жөнүндө сөз кылсак [30.285].

Биз жогоруда Р.Кыдырбаеванын “Манас” эпосунун генезисине арналган эмгектеринин өзгөчөлүктөрүн ачууга аракеттендик. Анын бир топ изилдөөлөрү генезиске байланыштуу экендигин башында айтып өткөнбүз. Жалпысынан фольклорчунун өзгөчөлүгүн төмөнкүчө белгиледик:

1. “Манас” эпосунун архаикалык мотиви жана сюжети түрк-монгол эпосторунда кездешет;

2. “Манас” эпосунун түрк-монгол элдеринин чыгармасына үндөштүгү генетикалык, уруулук жакындыгына байланыштуу;

3. “Манас” эпосунун эпикалык сюжети Сибирдеги якут элдеринин ыр түзүлүштөрүнө да үндөшөт;

4. Борбордук жана Орто Азияны, Тибетти, Кытайды, Түштүк Сибирди багындырган Барс-Бек Манастын прототиби деп эсептейт;

5. “Манас” эпосундагы адамдардын образынын чагылдырылышы Якут олонхосундагы каармандарга окшош;

6. “Манас” эпосундагы сюжеттик, композициялык курулуштар алтай элинин “Алып-Манаш” эпосунда каардуу хан Аккандын кыймыл-аракеттери менен жакындыгы бар.

Пайдаланылган булактардын тизмеси


1. Ауэзов М. Киргизская героическая поэма. «Манас». М., 1961, 16–17.

2. Александр Затаевич. 250 киргизских инструментальных пьес и напевов. М., Музгиз, 1934.

3. Бернштам.А.Н.Кыргыз элинин эл аралык жана согуштук мамилелеринин тарыхынан. СССР Илимдер Академиясынын кыргыз филиалынын кабарлары. 1-чыгышы, 1945;

4. Бичурин Н. (Иакинф). Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. - Т. 1. - М.;Л., 1950. - С. 308.

5. Борбугулов М. "Манас" эпосу: башаттары, эволюциясы. - Б.: изд. "Айат". 2004.

6. Валиханов Ч. Ч. Собр. соч., 1-т. Алма-Ата, 1961, 367-бет. www.bizdin.kg

7. Кыдырбаева Р.З. Генезис эпоса .Манас». - Фрунзе, 1980. - с. 36.

8. Кыдырбаева Р. В начале было Слово... - Б.: изд. АН КР, 2013. - 324 с. Чокон 1 Записки

Русского географического общества. СПб., 1861, кн.

9. Кыдырбаева Р. Барс-бег и Манас. Кыргызское Великодержавие и происхождение кыргызского народа. История Центральной Азии .30.03.2013 12:55. радиоберүү]

10. Кыдырбаева Р.З.Кыргыздардын оозеки маданиятынын калыптанышындагы тарыхый көркөм өбөлгөлөр- Б.2009.389,108б.

11. Кыдырбаева Р.З. Кыргыздардын көркөм сөз мурастарындагы маселелер, - Б.: - 2001.

12. Кыдырбаева Р.З. К проблеме традиционного и индивидуального в эпосе «Манас», - Ф.: -

1967.


Рецензент: Тиллебаев С.А. – филология илиминин доктору, Ж.Баласагын ат. КУУнун профессор